САПАТТУУ БИЛИМ


«САПАТТУУ БИЛИМ» БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ И ПРОГРАММ «САПАТТУУ БИЛИМ»

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL ORGANIZATIONS AND PROGRAMS «SAPATTUU BILIM»

# 220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча) программасынын ишмердүүлүгүн тышкы баалоонун жыйынтыктары жөнүндө

# КОРУТУНДУ



**Отчеттун акыркы редакциясын алуу күнү 07.10.24.**

**Сырткы баалоо жүргүзүү күнү**
**10-11-октябрь 2024-ж.**

**Ош, 2024 -ж.**

## 1. КИРИШҮҮ

***1.1 Эксперттик топ жөнүндо маалымат ("Сапаттуу Билим" билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин буйругу № 57-09/24 04-сентябрь, 2024-ж.)***

**1) Эксперттик топтун төрагасы**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты- жөнү | Төрөбеков Бекжан Төрөбекович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | КМТУнин "ОПУТ" кафедрасынын профессору |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | Киевдеги автомобиль-жол институту, Автомобилдер жана автомобилдер чарбасы, т.и.д., профессор. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**2) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Калимолдаев Максат Нурадилович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Казакстан Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Илим комитетинин "Маалыматтык жана эсептөө технологиялары институту" РМКнын башкы директорунун кеңешчиси |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | Жогорку, М.С. Киров атындагы КМУ, Математика адистиги, Казакстан Республикасынын УИА академиги, физ.-м.и.д., профессор. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | Бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**3) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Абдибалиев Эмилбек Абдыбаитович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ОМПУнин окуу бөлүмүнүн башчысы |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУ, Кыргыз тили жана адабияты адистиги, п.и.к. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**4) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Карбекова Азиза Баймтовна |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ЖАМУнун алдындагы Экономика-юридикалык колледжинин директору, Экономика, эсеп жана каржы кафедрасынын профессору |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | КМУУ, «Чарбалык ишмердүүлүктү көзөмөлдөөнүн бухгалтердик эсеби», э.и.д., профессор |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**5) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Дыйканова Шекербубу Анарбековна |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Комиссиянын мүчөсү |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУнун тарых жана социалдык иш кафедрасынын доценти, т.и.к., доцент. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**6) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Жусупова Асилкан Эркебаевна |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Ош курулуш колледжинин окутуучусу, Кесиктик сабактар циклинин башчысы |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшТУ, Өнөр жана жана атуулдук курулуш адистиги |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**7) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Алиев Медетбек Кочкорбаевич |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Табигый-техникалык факультетинин «Электроэнергетика жана механика» кафедрасынын окутуучусу |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшТУ, Электроэнергетикалык тармактар жана системалар, инженер-электрик |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | Бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**8) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Талайбек уулу Тариель |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ОшМУнун «Бизнес жана менеджмент» факультетинин «Менеджмент жана маркетинг» кафедрасынын башчысы |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУ, Ишканаларда экономиканы башкаруу адистиги, э.и.к., доцент |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | Бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**9) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Эшбаев Абдилазиз Аматович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ЖАМУнун Жалал-Абад колледжинин Өзгөчө кырдаал. коргоо жана автоунааларды техникалык тейлөө жана ондоо ПЦ комиссиясынын төрагасы |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | Ташкент элекротехникалык байланыш институту, электробайланыш инженери |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | Бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**10) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Сатаров Арзымат Эминович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | ОшМУнун STEM инновациялык колледлжинин информациялык технологиялар бөлүмүнүн башчысы, ф.-м-и.к., доцент |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУ, Математика адистиги, ф.-м.и.к., доцент |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**11) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Ысманов Эмилбек Касымович |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | "Кыргызстандын улуттук электр тармагы" ААК Ош электр тармактар ишканасынын директору |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшТУ, ЭАСХ, инженер-электрик |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | |
| 5 | Эксперттин колу | |

**12) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *Баяндамасы* |
|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | Шерболот уулу Нурадыл |
| 2 | Экспертиза өткөрүү учурунда ээлеген кызматы | Студент |
| 3 | Билими тууралуу маалымат ( илимий даражасы ( бар болсо) | ОшМУнун "Колдонмо информатика" багытынын ПИЭ(б)-1-21 гр.студенти |
| 4 | Көз карандысыз эксперт болуп иштөө тажырыйбасы | |
| 5 | Эксперттин колу | |

## 2. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжинин кыскача тарыхы**

ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжи 2004-жылдын февраль айында Окумуштуулар кеңешинин чечими жана ректордун 2004-жылдын 22-апрелиндеги №09-04/140 буйругунун негизинде жалпы негизги же орто жалпы билим берүү базасында ортоңку звенодогу адистерди даярдоо жана кайра даярдоо үчүн кесиптик орто билим берүү максатында Технологиялык колледж болуп ачылган.

Гуманитардык-технологиялык колледж ОшТУнун структуралык бөлүгү болуп эсептелет. Колледж бүгүнкү күндө кесиптик орто билим берүү программасынын гуманитардык, экономикалык, техникалык жана технологиялык багыттардагы адистиктери боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдап жаткан көп профилдуу окуу жай. Түзүлгөндөн тартып учурга карай жетиштүү деңгээлде материалдык-техникалык база менен камсыздалды. Окуу процессин уюштуруу нормативдик талаптарга ылайык жолго коюлуп, билим берүү сапаттык жактан жогорку деңгээлге көтөрүлдү. Гуманитардык-технологиялык колледж кесиптик орто окуу жайлардын арасында татыктуу ордун таап, окуу жайга тапшырууну каалаган абитуриенттердин жана билим алып жаткан студенттердин саны жыл сайын өсүүдө. Мезгил талабына ылайык мында даярдалып жаткан адистиктерге коомчулуктун суроо-талабы жогору.

Окуу жай бүгүнкү күндө республикадагы эң ири кесиптик орто окуу жайлардын бирине айланды. Колледжин кесипке даярдоодогу ар тараптуулугун, мында даярдалып жаткан адистиктерге коомчулуктун суроо–талабынын жогору экендиги эске алынып, 2019-жылдын 28-ноябрындагы ОшТУнун Окумуштуу кеңешинин жыйынын (№3,2019) "Технологиялык колледждин атын өзгөртүү" тууралуу чечимин бекиткен ректордун №09-04/311 2019.05.12. буйругу менен колледждин аты өзгөртүлүп, ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжи болуп аталган.

Окуу жайда илимдин кандидаттары жана жогорку тажрыйбалуу окутуучулар сабак беришет. Студенттер ОшТУнун материалдык-техникалык базасында, илимий-лабораторияларында, окуу залдарында билим алышат.

Гуманитардык-технологиялык колледжде адистиктер боюнча азыркы күндө жалпы 4638 студент, алардын 3085 студент күндүзгү окуу фомасында, 1553 студент сырттан окуу формасында билим алып жатат.

Гуманитардык-технологиялык колледжде жалпы 188 окутуучу профессордук курам, алардын ичинен 9 илимдин кандидаты эмгектенет.

ГТКнын **"Информатика, программалоо жана байланыш" кафедрасы** ОшТУнун ректорунун 2017-жылдын 27-июлдун №09-04/191 буйругу менен ОшТУнун Окумуштуулар Кенешинин чечиминин негизинде түзүлгөн.

Кафедранын негизги максаты, IT багытындагы багытындагы атайын орто адистерди даярдап чыгаруу жана квалификациялуу адистер менен камсыздоо болуп саналат. Адистик боюнча билим берүү программасын ишке ашырууда кафедранын максаттары ОшТУнун жана ГТКнын миссиясы менен дал келет жана КРнын ББжИМнин мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын негизинде түзүлгөн.

Кафедра төмөнкү адистиктерди даярдап чыгарат:

- 230109 Эсептөө техникаларын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо (ПОВТАС);

- 230701Колдонмо информатика (ПИ) (тармактар боюнча);
- 230108Компьютердик системалар жана комплекстер (КСК) (тармактар боюнча);
- 220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча);
- 210406Байланыш тарамдары жана коммутация системалары (ССиСК);
- 230111 "Компьютердик системалардагы программалоо" (ПКС).

Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы КГУСТА, КГНУ, Ош Мамлекеттик университетин жана Ош технологиялык университетин аяктаган адистерден түзүлгөн.

Окутуу мамлекеттик жана расмий тилдеринде жүргүзүлөт. Азыркы учурда кафедрада адистиктерди даярдоодо 34 окутуучу эмгектенет, алардын ичинен толук штаттык негизде 24 окутуучу, 10 окутуучу айкалыштырып иштегендер. ПО курамда 1 илимдин доктору, 1 профессор, 4 илимдин кандидаты, 1 доцент, 14 магистр, 2 окуу-көмөкчү персоналы эмгектенет.

Кафедрада ар жылы кабыл алуу боюнча жыйынтыктары жогорку деңгээлде болот. Акыркы 5 жылдагы күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнө 1 – курска кабыл алынган студенттердин контингентинин таблицасы тиркелди:

| Кафедранын адистиктеринин аталыштары | Окутуу формасы | 2019-2020 окуу жылы | 2020-2021 окуу жылы | 2021-2022 окуу жылы | 2022-2023 окуу жылы | 2023-2024 окуу жылы | 2024-2025 окуу жылы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (тармактар боюнча) (АСОИиУ) | 9 база | 26 | 25 | 26 | 23 | 57 | 54 |
| | 11 база | - | - | 16 | - | - | 2 |
| | Сырттан | 26 | 17 | 23 | 21 | 40 | 15 |
| | Жалпы | 52 | 42 | 65 | 44 | 97 | 71 |

Кафедра даярдаган адистиктердин ичинен аккредитациялоодон ОП 220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча) адистиги өттү. Бул адистик боюнча студенттерди даярдоо 2013-жылдан бери жүргүзүлүп келет.

Азыркы учурда бул адистик боюнча күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмүндө:

| Кафедранын адистиктеринин аталыштары | Окутуу формасы | 1-курс | 2-курс | 3 курс |
|---|---|---|---|---|
| Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (тармактар боюнча) (АСОИиУ) | 9 база | 54 | 54 | 20 |
| | 11 база | | | |
| | Сырттан | 15 | 49 | 45 |
| | Жалпы | 69 | 103 | 65 |

Информатика, программалоо жана байланыш кафедрасы 220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар

боюнча) адистиги боюнча адистерди даярдап 2013 – жылдан бери бүтүрүп келе жатат. Бүтүрүүчү тайпанын студенттери окуу пландагы бардык жүктөмдөрдү аткаргандан кийин, “Кыргызстан тарыхы, кыргыз тили жана адабияты, кыргызстандын географиясы” Мамлекеттик аттестациядан өтүп жана дипломдук иштерин ийгиликтүү коргогондон кийин, бүтүрүүчүлөргө орто кесиптик билим берүү программасынын үлгүсүндө “техник” квалификациясы ыйгарылат.

| Кафедранын адистиктеринин аталыштары | Окутуу формасы | 2020-2021 окуу жылы | 2021-2022 окуу жылы | 2022-2023 окуу жылы | 2023-2024 окуу жылы |
|---|---|---|---|---|---|
| Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (тармактар боюнча) (АСОИиУ) | 9 база | 16 | 11 | 12 | |
| | 11 база | | | | 19 |
| | Сырттан | 28 | 38 | 17 | 16 |
| | Жалпы | 44 | 49 | 29 | 35 |

ОП 220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча) ишке ашыруу үчүн заманбап талаптар боюнча жабдылган адистештирилген окуу жана компьютердик кааналары бар.

ОП 220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча) МББС орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарынын ишинин типтүү эрежелерине, кредиттик технология боюнча окуу процессин уюштуруу эрежелерине жана ОшТУнун башка ички жоболоруна ылайык өз алдынча иштелип чыккан.

Билим берүү программасынын мазмуну КРдин Улуттук валификациялык алкагында жана ОББ МББС боюнча белгиленген максаттарга, ОшТУнун жана кафедранын билим берүү милдеттерине дал келет. Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча) модулдук билим берүү программасы НББПнын негизинде түзүлгөн жана окутуунун натыйжаларына туура келген компетенцияларды камтыйт.

ОП “Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу” боюнча тандалма таалимдердин элективдик предметтери ар жылы иш берүүчүлөр менен биргеликте талкууланып, жаңыланып турат. Элективдик предметтердин каталогу университеттин китепканаларында окуп жаткандарга жеткиликтүү, мындан тышкары студенттер каалаган учурда каталогдун электрондук версиясын сайттан жүктөп алса болот https://oshtu.kg/.

Окутуудагы баалоо системасы жөнүндө маалыматты студенттер биринчи курста кураторлор менен жолугушуу өткөргөндө, багыттоо жумалыгын өткөрүү учурунда ала алышат. Ар бир студенттин UNIVER+ порталына кирүүсү үчүн сыр сөз жана логин берилет (http://portal.oshtu.kg/#/login) жана бул мүмкүнчүлүк менен студенттер бардык ОУКти, тесттик суроолорду жана өздүк бааларын ж. б. маалыматтарды көрө алышат.

ОП 220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча) адистигинин студенттери жаштар комитети менен тыгыз кызматташуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

## 2.1. Сырткы баалоонун (визиттин) баяндамасы

ОшТУнун ишмердүүлүгүн баалоо боюнча объективдүү маалымат алуу үчүн СЭК мүчөлөрү визуалдык текшерүү, байкоо жүргүзүү, ар кандай түзүмдүк бөлүмдөрдүн кызматкерлеринен, окутуучулардан, студенттерден, иш берүүчүлөрдөн интервью алуу, профессордук-окутуучулук курамды сурамжылоо сыяктуу ыкмаларды колдонушту. СЭКнын топтору менен жолугушуулары визиттин көрсөтүлгөн программасына ылайык, белгиленген мөөнөттө өттү. Сырткы баалоо 10.10.2024-жылдан 11.10.2024-жылга чейин жүргүзүлдү. Университеттин жамааты тарабынан визиттин программасында көрсөтүлгөн бардык кызматкерлердин катышуусу камсыз кылынды.

Сырткы эксперттик комиссия тарабынан визуалдык текшерүү учурунда окуу-тарбиялоо процессин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык базанын жана социалдык инфраструктуранын объектилеринин бар экендигин аныктады, бул жалпысынан студенттердин керектөөлөрүнө жана ОП сапатын камсыздоо талаптарына жооп берет.

Визиттин жүрүшүндө СЭК мүчөлөрү ОшТУнун материалдык-техникалык базасынын жана социалдык инфраструктурасынын төмөнкү көрүнүктүү жактарын такташты:

- Университетте заманбап лабораториялар, компьютердик класстар жана окуу аудиториялары бар экендиги такталды. Окуу процессин колдоого алган инфраструктура менен камсыздалгандыгы өзгөчө баса белгиленди.
- Окутуу үчүн жаңы технологиялык шаймандар жана мультимедиялык куралдар колдонулат. Бул студенттердин теориялык билимдерин практикалык иштер менен бекемдөө мүмкүнчүлүгүн жогорулатат.
- ОшТУ китепканасы заманбап маалыматтык ресурстар менен жабдылган. Бул окуу жана изилдөө иштерин жүргүзүүдө маанилүү роль ойнойт.
- Университетте студенттер жана окутуучулар үчүн спорт залдары жана ачык спорт аянтчалары жеткиликтүү экени такталды.
- Студенттер үчүн жатаканалар, ашканалар, эс алуу жана маданий иш-чараларды өткөрүү үчүн атайын жайлар каралган.

Бул көрсөткүчтөр университеттин материалдык-техникалык базасынын жана социалдык инфраструктурасынын студенттерге жана окутуучуларга ыңгайлуу шарттарды камсыздоо деңгээлин көрсөткөн маанилүү факторлор катары бааланды.

ОшТУнун жана анын колледжинин студенттери ар кандай олимпиадаларга жана аймактык, эл аралык илимий-практикалык конференцияларга активдүү катышып, өздөрүнүн билимин жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өркүндөтүшөт. Жыл сайын студенттер кесиптик жана профилдик сабактар боюнча уюштурулган колледж ичиндеги жана колледждер аралык олимпиадаларга туруктуу катышып, жогорку натыйжаларды көрсөтүшөт.

СЭК мүчөлөрү: - бул иш-чаралар студенттердин келечектеги адистиктеринде атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырып, билим берүү процесстерин активдештирүүнүн натыйжалуу жолдорунун бири болуп саналаарын белгилейт.

Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун инструменттеринин бири катары ОшТУда Univer+ маалымат системасы киргизилген. Бул система университеттеги билим

беруү процессин автоматташтырып, студенттердин жана окутуучулардын ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкарууга шарт түзөт.

Univer+ маалымат системасы ОшТУнун адистери тарабынан иштелип чыккан уникалдуу система болуп саналат жана учурда бул система Кыргызстан боюнча бир гана Ош технологиялык университетинде колдонулат.

Бул университеттин IT жаатындагы мүмкүнчүлүктөрүн жана билим берүү процессин автоматташтыруу боюнча аракеттерин көрсөтөт. Univer+ системасынын өзгөчөлүгү — бул башка жогорку окуу жайларында колдонулбаган уникалдуу иштеп чыгуу экендиги. Анын жардамы менен билим берүү процессин башкаруу жана көзөмөлдөө ОшТУнун студенттери жана окутуучулары үчүн ыңгайлуулук жаратып, окуу процессинин сапатын жогорулатууга жардам берет.

Бул система билим берүүнүн сапатын көтөрүүдө жана санариптештирүү жаатында ОшТУнун уникалдуу жетишкендиги болуп эсептелет. Univer+ системасынын киргизилиши билим берүү процессин толугу менен автоматташтырып, университеттин ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга жана сапатын жакшыртууга багытталган заманбап курал болуп саналат.

Ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары жөнүндө студенттер үчүн университеттин сайтында https://oshtu.kg, Инстаграм социалдык тармагында https://www.instagram.com/it_ips.oshtu?igsh=ZWgwa29oOGJndHRu жана Youtube каналында жайгаштырылган.

Тышкы эксперттик комиссия тарабынан 7 топ менен интервью өткөрүлдү. Тышкы эксперттик комиссиянын максаттуу топтор менен жолугушуулары визиттин программасына ылайык жүргүзүлдү.

**Студенттер менен болгон маектешүүлөр** студенттер билим берүү программаларын ишке ашырууда болушу керектигин көрсөттү. Республикалык олимпиадаларга, конференцияларга жана конкурстарга катышуу менен бирге университетте түзүлгөн студенттер аларык дебаттарга катышып келишет. Алар республикалык олимпиадаларга жана илимий конференцияларга катышуу аркылуу өздөрүнүн билимдерин жана идеяларын сынап, тажрыйба топтоого аракет кылышат. Бул окуялардын алкагында алар командада иштөө жана конкуренциялык чөйрөдө өздөрүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн алышат.

Университетте уюштурулган дебаттар студенттер үчүн пикир алышууну, аргументтерди жөндөмдүү келтирүүнү жана жалпы ишкердик жана аналитикалык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнү көздөйт. Дебаттар студенттердин өз ой-пикирлерин эркин билдирүүгө жана коомдук чөйрөдөгү актуалдуу темаларды талкуулоого жардам берет.

Студенттер практика өтөө учурунда кыйынчылыктарга туш болушпаганын, тескерисинче, теориялык билим менен практиканы айкалыштырып, жумуш берүүчүлөр тарабынан жогорку баага татыктуу болгонун белгилешти. Бул алардын билимдеринин практикалык маанилүүлүгүн жана ишке ашуусун көрсөтөт. Алардын теориялык билимдери практикалык тажрыйба менен айкалыштырылгандыгы, жумуш берүүчүлөр тарабынан өндүрүштүк практикалар учурунда жогорку баага татыгандыгы, алардын кесиптик даярдыгынын жана компетенцияларынын натыйжалуулугун көрсөтөт.

Студенттердин бул пикирилери ОшТУнун билим берүү процессинин сапатын жогорулатууга жана студенттердин активдүү катышуусун колдоого багытталган иш-чараларды уюштурууда маанилүү маалымат болуп саналат.

**Окутуучулар менен жолугушуу:** окутуучулар менен өткөрүлгөн жолугушууда, алар билим берүү программаларын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтордун мүчөлөрү экендигин жана окутуунун инновациялык методдорун колдонуп жатканын белгилешти.

Окутуучулардын билдирүүлөрүндө айкын болгон негизги пункттар:

1. Окутуучулар жумушчу топтордун курамында билим берүү программаларын жана курстарды өнүктүрүү үчүн колдонула турган методикалык материалдарды иштеп чыгууга активдүү катышышат. Бул процесс студенттердин муктаждыктарын жана заманбап талаптарды эске алуу менен жүргүзүлөт.
2. Окутуучулар жаңы жана инновациялык окутуу ыкмаларын, технологияларын жана инструменттерин колдонуу менен билим берүү процессин жакшыртууга умтулушат. Алар интерактивдүү сабактар, онлайн ресурстар жана практикалык окуу методдору аркылуу студенттердин кызыгуусун арттырууга аракет кылышат.
3. Окутуучулар үзгүлтүксүз негизде ачык сабактарды жана сабактарга өз ара катышууну уюштурат. Бул алардын окутуу процессиндеги методдорун жакшыртууга жана кесиптик деңгээлдерин жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет.
4. ОшТУнун жана колледждин окуу-методикалык кеңеши тарабынан түзүлгөн методикалык комиссияларга окутуучулар өздөрүнүн жетишкендиктери, сабактардагы методдору жана ал иштер боюнча отчет жөнөтүшөт. Бул, өз кезегинде, окутуунун сапатын жогорулатууга жана методикалык иштердин натыйжалуулугун баалоого жардам берет.
5. Окутуучулар өзүнүн кесиптик деңгээлин жогорулатуу үчүн семинарларга, конференцияларга жана тренингдерге катышып, билимдерин үзгүлтүксүз жаңыртып турушат.
6. Окутуучулардын эмгеги моралдык жана материалдык жактан колдоого алынат. Бул, өз кезегинде, алардын ишке болгон мотивациясын жана профессионалдык ишмердүүлүгүн жогорулатууга жардам берет. Негизги эмгек акысынан тышкары, алардын жетишкендиктерине жана ишинин натыйжалуулугуна жараша кошумча төлөмдөр берилет. Окутуучулар үчүн атайын грамоталар, сертификаттар жана алкыштар берүү жолу менен алардын эмгеги жана жетишкендиктери коомчулукка белгиленип, моралдык колдоо көрсөтүлөт. Окутуучулардын жетишкендиктери жана студенттерге көрсөткөн мамилеси коомдук байланыштар аркылуу коомчулукка маалымдалат. Бул алардын окутуу процессиндеги сапатты жакшыртууга жана студенттерге билим берүүдө өзүнүн ролун күчөтүүгө жардам берет.

Бул жолугушуу окутуучулардын билим берүү процессине жана методикалык иштерге болгон активдүү катышуусун, ошондой эле университеттин билим берүү сапатын жакшыртууга багытталган аракеттерин көрсөтүп турат.

Эксперттик топтун иш планына ылайык, 10-октябрда саат 13:20да жана 14:50дө болгон сабактарга катышышты.

| Окутуучунун аты-жөнү | Группа | Сабактын аты | Сабактын темасы | Сабактын түрү | Ауд | Студ. саны | катышкандар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ОП 220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча) | | | | | | | |
| Базарбай кызы Г. | АСОИиУ-1-22(9) | Колдонмо программалар пакети | MS Excel программасында графиктерди | практика | 1/101 биб. | 20 | 19 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | түзүү | | | | |
| Абдакимова Г.К. | АСОИиУ-2-23(9) | ЭЭМ жана ЭСтин архитектурасы | Компьютерлер дин кошумча түзүлүштөрү Принтерлер: матрицалык (мозаикалык, чекиттик), чачма (бүркмө), лазердик. | практика | 1/12 биб. | 20 | 14 |

Сабактарда иштин жекече, топтук формасы ж. б., интерактивдүү панелдин каражаттарын жана ноутбуктарды ж. б. колдонуу менен өтүлдү.

ОП 220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча) адистиги боюнча эксперт АСОИиУ-1-22(9) тайпасына, окутуучу Базарбай кызы Гулнурдун "Колдонмо программалар пакети" дисциплинасы боюнча практикалык сабакка катышты. Сабак "MS Excel программасында графиктерди түзүү" темасында өтүлдү, сабактын максаты: MS Excel программасын үйрөнүү, техникалык каражаттарды колдонуу менен функцияларды изилдөө жана диаграммаларды түзүү. Сабак формасы боюнча практикалык сабактардын талаптарына толук жооп берет.

**Ата-энелер менен маектешүү:** Окуу жайды тандоодо ата-энелер маектешүүдө, алар ОшТУга келип билим алууну өз каалоолору менен, ошондой эле окуу жайдын мурдагы бүтүрүүчүлөрүнүн, тааныштарынын жана туугандарынын кеңештерине таянып келгендиктерин белгилешти. Ата-энелердин айтымында, учурдагы абитуриенттерге жана алардын ата-энелерине университеттин программалары, окуу процессинин сапаты жана жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча маалыматтарды https://oshtu.kg/ сайтынан да кабардар болушканы белгилүү болду.

Интервью учурунда ата-энелер окутуу процессиндеги окутуучулардын сапатын жана алардын студенттер менен болгон байланыштарын кошумчалашты. Алар окутуучулардын билимди берүүдөгү ыкмалары, студенттерге мамилеси жана жардам көрсөтүү жөндөмдөрү боюнча жакшы пикирлерин билдиришти. Алар үчүн университеттин берген билимдери, практикалык тажрыйбалары жана кесиптик даярдыгы абдан маанилүү. Ата-энелер балдарынын келечекте ийгиликтүү карьера куруу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен окуу жайын тандоо керектигин айтышты.

Интервьюда ата-энелер окутуунун шарттарына жана сапатына канааттанып, англис тилинде окутууну күчөтүү жөнүндө пикирлерин билдиришти. Ата-энелер балдарынын университеттеги эмгек жолун орто билим менен токтобостон андан ары бакалавр, магистр квалификацияларын алууларын колдошот.

**Бүтүрүүчүлөр менен маектешүү:** ОшТУнун бүтүрүүчүлөрү менен жүргүзүлгөн маектешүүдө алар өздөрүнүн билим жана көндүмдөрүн мыкты өздөштүрүп, илимий-практикалык компетенцияларды кесиптик ишмердүүлүктөрүндө ийгиликтүү колдонуп жаткандарын белгилешти. Алар өз адистиктеринде заманбап технологияларды жана ыкмаларды натыйжалуу колдонуп жатышканын билдиришти. Окуу жайдан алган билимдери жумушка орношууда чоң жардам берген. Бүтүрүүчүлөр университетте практикалык тажрыйба алышып, иш жүзүндө өздөрүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк

алышканын, бул болсо жумуш беруучулөрдүн көңүлүн бурганын айтышты. Университеттин берген билимдери, курстар жана практикалык тажрыйбалары аларды ишке орношууда атаандаштыкка жөндөмдүү кылганын белгилешти. Бүтүрүүчүлөрдүн көбү университеттин профессору жана иш беруучулөрдүн берген кеңештерин баалашты. Алардын окуу процессиндеги ролу жана колдоосу кесиптик даярдыктын маанилүү бөлүгү катары каралды.

Бүтүрүүчүлөрдүн өз адистиктеринде ийгиликке жетишүүсү, алардын окуу жайдан алган билимдеринин сапатынын жогорку деңгээлде экенин көрсөттү.

**Иш беруучулөр менен болгон маекте,** комиссия иш беруучулөр билим беруу программасын эксперттик топтор катары талкулоого активдүү катышып жаткандыгына ынанды.

Иш беруучулөр ОшТУнун билим беруу программаларын ишке ашырууга активдүү катышып, жогорку деңгээлдеги кызматташтыкты ынандырарлык түрдө көрсөтүштү. Бул кызматташтык университеттин билим беруу сапатын жакшыртууда жана эмгек рыногунун талаптарына шайкеш адистерди даярдоодо чоң мааниге ээ.

Иш беруучулөрдүн катышуусунун негизги аспектилери:

1. Иш беруучулөр окуу пландарын жана программаларын түзүүгө жана аларды жаңылоого активдүү катышышат. Алардын сунуштары жана кеңештери программалардын актуалдуулугун жана практикалык багытталышын камсыз кылууга жардам берет.

2. Иш беруучулөр университет менен биргеликте студенттер үчүн өндүрүштүк практикаларды уюштуруп, иш жүзүндө кесиптик тажрыйба алууга шарт түзүшөт. Бул студенттерге чыныгы жумуш чөйрөсүндө иштөөгө мүмкүндүк берет.

3. Университетте иш беруучулөрдүн өкүлдөрү тарабынан мастер-класстар, семинарлар жана конок лекцияларды өткөрүп турат. Бул студенттерге өз кесибинин тажрыйбалуу адистеринен түздөн-түз билим алуу жана алар менен байланыш түзүү мүмкүнчүлүгүн берет.

4. Иш беруучулөр бүтүрүүчүлөрдү иштөө жана жумуш орундары менен камсыз кылуу жаатында колдоо көрсөтүп, университеттин кадрларды даярдоо системасы менен тыгыз кызматташат.

Бул кызматташуу университеттин билим беруу программаларынын сапатын камсыз кылуудагы маанилүү фактор болуп, студенттерди рынокто атаандаштыкка жөндөмдүү адистер катары даярдоого өбөлгө түзөт.

Иш беруучулөр окуу жайдын студенттеринин жогорку кесиптик жана теориялык даярдыктарын көрсөткөндүгүн белгилешти. Бул студенттердин университеттен алган билимдери жана көндүмдөрү эмгек рыногунун талаптарына шайкеш келгенин көрсөттү.

Бул баалоолор ОшТУнун жана колледждин студенттери жакшы даярдалган адистер экенин жана алардын теориялык жана практикалык жактан эмгек рыногуна даяр экенин көрсөтүп турат.

**ОшТУнун жана колледждин өнүктүрүү планына багытталган маектешүүдө институттардын директорлору, ГТКнын жетекчилиги жана ОП жетекчилери менен маектешүү өткөрүлдү.** Бул маек окуу процессин өркүндөтүүгө жана университеттин жалпы өнүгүү стратегиясына багытталган. Талкууда бир катар маанилүү маселелер көтөрүлдү:

1. Маектешүү учурунда ОПнын жетекчилери профессордук-окутуучулук курамдын ар кандай эл аралык, республикалык долбоорлорго, иш-чараларга, көргөзмөлөргө жана

конференцияларга катышуу маанилүү экенин белгилешти. Бул университеттин илимий потенциалын жана тажрыйбасын өркүндөтүүгө чоң салым кошот.

2. Интервьюда университеттин эл аралык жана жергиликтүү рейтингдерде позициясын жакшыртуу максатында кандай иштер жасалып жаткандыгы талкууланды. Университеттин рейтингин жогорулатуу үчүн илимий иштердин саны жана сапаты, ошондой эле эл аралык кызматташтыкты күчөтүү боюнча сунуштар каралды.
3. Университеттин кызматкерлеринин жана профессордук-окутуучулук курамдын ар кандай долбоорлорго жана иш-чараларга катышуусун каржылоо маселеси да көтөрүлдү. Университет бул багыттагы иштерди жүргүзүүгө колдоо көрсөтүп, кызматкерлерге керектүү финансылык мүмкүнчүлүктөрдү берүүдө маанилүү роль ойнойт.
4. Окуу программаларын, кадрлардын квалификациясын жана университеттин материалдык-техникалык базасын өркүндөтүү боюнча пландар талкууланды. Эл аралык стандарттарга жана заманбап талаптарга шайкеш билим берүү программаларын иштеп чыгуу зарылчылыгы баса белгиленди.
5. ОшТУнун окуу процесси үчүн атайын дисциплиналар боюнча кыргыз тилиндеги китептер жарык көргөн. Бул китептер кыргыз тилдүү студенттерге алардын кесиптик билимдерин эне тилинде алуу мүмкүнчүлүгүн камсыздап, сапаттуу окуу материалдары менен камсыз кылууга багытталган.
6. Маектешүүнүн алкагында абитуриенттерди кабыл алуу боюнча да сөз болду. Анда төмөнкүлөр айтылды:

Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы дайындалгандан кийин, университеттин жана колледждин кесипке багыттоо иштеринин планы иштелип чыгат. Бул пландын алкагында, кесипке багыттоо жана кабыл алуу процессин натыйжалуу жүргүзүү үчүн бир катар иш-чаралар өткөрүлөт. Бул иш-чаралардын максаты – университетке көп сандагы абитуриенттерди тартуу, аларга сапаттуу билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоо. Өткөрүлгөн иш-чаралар университеттин абитуриенттер менен болгон байланышын күчөтүп, ОшТУнун жана колледждин билим берүү программаларын кеңири аудиторияга жайылтууга жана кабыл алуунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

Бул маектешүү университеттин жана колледждин өнүгүү стратегиясын калыптандырууда жана ишке ашырууда маанилүү орунду ээлеп, кызматкерлердин катышуусу менен билим берүү процессин өркүндөтүүгө багытталган иш-чараларды талкуулоого шарт түздү.

ОшТУнун административдик-башкаруу кызматкерлери тарабынан өткөрүлгөн жыйында университеттин материалдык-техникалык базасын жакшыртууга кеткен финансылык чыгымдар, ошондой эле билим берүү процессин жана билим берүүдөгү сапат менеджменти системасын өркүндөтүүнүн келечектүү багыттары талкууланды. Бул талкуу университеттин билим берүү сапатын жана материалдык базасын өнүктүрүү боюнча стратегиялык максаттарга жетүүдө маанилүү кадам болуп эсептелет.

**Ректор, окуу-тарбия иштери боюнча проректор, тышкы байланыштар жана өнүгүү боюнча проректор, илим жана инновациялар боюнча проректор, ошондой эле Мамлекеттик тил боюнча проректор** менен өткөрүлгөн жолугушуу учурда ОшТУда ишке ашырылып жаткан өнүгүүнүн келечектүү багыттарын аныктоого багытталды.

Университеттеги академиялык эркиндик жана академиялык мобилдүүлүк принциптерин жайылтуу, студенттердин жана окутуучулардын билим алууда эркиндигин

камсыз кылуу боюнча пландар талкууланды. Бул багыт, студенттердин жана окутуучулардын өз алдынча изилдөөлөргө, алмашууларга жана жаңы билимдерди алуусуна мүмкүнчүлүк берет.

Окутуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу жана алардын кесиптик өнүгүүсүн колдоо, заманбап окутуу ыкмаларын, технологияларын жана методдорун үйрөнүү үчүн семинарлар, тренингдер жана иш-чараларды өткөрүү пландары каралгандыгы аныкталды.

Университеттин материалдык-техникалык базасын, окуу жайлардын инфраструктурасын жана лабораторияларды жаңылоо боюнча иштер талкууланды. Жаңы технологиялар менен жабдуулоо, окуу шарттарын жакшыртуу жана студенттер үчүн ыңгайлуу чөйрөнү түзүү пландары бар.

Инклюзивдик билим берүү принциптерин ишке ашыруу, бардык студенттер үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана ар кандай муктаждыктары бар студенттерге колдоо көрсөтүү боюнча аракеттер каралган.

Университеттин кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатуу жана кызматкерлердин эмгегин баалоонун жана мотивациялоонун маанилүү аспектилери жетекчилик тарабынан толук каралып чыгып ишке киргизилген.

Илимий жетишкендиктери үчүн кызматкерлерди материалдык сыйлыктар менен сыйлоо боюнча программа иштелип чыккан. Бул илимий изилдөөлөрдү, инновацияларды жана академиялык иштерди колдоо, ошондой эле университеттин илимий иштеринин сапатын жогорулатуу үчүн маанилүү деп белгиленди.

Жолугушуу университеттин стратегиялык максаттарын жана милдеттерин аныктоого жана ошону менен бирге ОшТУнун билим берүү процессин, илим жана инновацияларды өнүктүрүүгө багытталган кадамдарды талкуулоого мүмкүнчүлүк берди.

Эксперттик топтун иш планынын негизинде, алар төмөнкү практика базаларына барышты:

1. ААК, "Кыргыз Почтасы"
2. ЖЧК "КанцМир"
3. ЖЧК " ИСУ "
4. ЖЧК "КанцГрупп"
5. ЖЧК "ОЭК"
6. Ош шаарынын МЭРиясынын жаштар иштери боюнча комитетине
7. ЖЧК "Ош Пирим" телерадиокомпаниясы
8. ЖАК "Финка Банк, Куршаб филиалы

Иш сапардын алкагында ТЭКтин мүчөлөрү окуу-өндүрүштүк жана квалификацияга чейинки практикадан өтүп жаткан студенттер менен аңгемелешүүлөрдү жүргүзүштү.

Эксперттер студенттердин коллективдеги коммуникативдик мамилелерине канааттануусун жана кызматташуу деңгээлин изилдешти. Студенттердин иштөө шарттары жана аларды кызыктырып жаткан маселелер тууралуу пикир алышуулар болду. Эксперт мүчөлөрү студенттерге күндөлүктөрдү толтуруудагы талаптар жана методдор тууралуу сунуштарды берди.

Иш сапар университеттин практикалык базалары менен кызматташтыктын бекемдигин, студенттердин практикалык тажрыйбасын жогорулатуу жана жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү канчалык деңгээлде жолго коюлгандыгын тастыктоо үчүн практика базаларын онлайн көрүп чыкты:

1. Таш-Көмүр ГЭСи (онлайн)

2. ЖЧК Араван цемент заводу (онлайн)
3. Ош шаардык ОшПЭС ишканасы (онлайн)
4. Ош шаардык ААК Кыргызтелекому (онлайн)
5. Ош шаардык ӨКМ (онлайн, жооптуу)
6. Ош шаардык ЖЧК "Алайкуу Органикс" ишканасы (онлайн)
7. Ош шаардык ААК ЖБИ – 4 ишканасы (онлайн)
8. ЖЧК Кыргыз Унаа Курулуш ишканасы (онлайн)

"Сапаттуу билим" сырткы эксперттик комиссиясы ОшТУнун практика базалары жана студенттердин практикалык тажрыйбасы боюнча төмөнкү жыйынтыктарды чыгарат:

- ОшТУнун студенттери окуу-өндүрүштүк жана квалификацияга чейинки практикадан өтүү үчүн жетиштүү практикалык базалар менен камсыздалган. Бул базалар студенттерге ар тараптуу жана сапаттуу тажрыйба алууга мүмкүндүк берет.
- Бардык практика базалары заманбап жабдуулар менен жабдылган. Бул, өз кезегинде, окутуунун прогрессивдүү технологияларын колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Студенттер заманбап техника жана технологиялар менен таанышып, алардын колдонуу жөндөмдөрүн өнүктүрүшөт.
- Лекциялык сабактарды өткөрүү үчүн атайын окуу кабинеттери жана конференц-залдар бар. Бул студенттердин билим алуусун жакшыртуу, теориялык жана практикалык билимдерин интеграциялоо үчүн маанилүү шарттарды түзөт.
- Ишканалардын өндүрүштүк жетекчилери менен тыгыз байланыштар курулган. Бул студенттерге практика учурунда тажрыйбалуу адистерден кеңештерди алууга, актуалдуу маселелерди талкуулоого жана профессионалдык тармакта байланыштарды түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Бул жыйынтыктар ОшТУнун практикалык даярдыгын, студенттердин билим берүү процессиндеги активдүүлүгүн жана өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатууга багытталган иш-аракеттеринин сапатын көрсөтүп турат.

Аккредитациялоонун жол-жобосуна ылайык, ОшТУнун окутуучулары жана студенттери арасында анкета жүргүзүлдү. Анкетирлөө аркылуу университеттин билим берүү процессинин сапаты, окутуу методдору жана студенттердин окуу шарттары боюнча пикирлер чогултулат. Бул маалыматтар университеттин ички жана сырткы баалоо системасын жакшыртууга жардам берет.

Анкетирлөө студенттердин материалдык-техникалык базанын жетиштүү экендиги жана заманбап жабдуулар менен камсыздалуусу боюнча пикирин чогултууга мүмкүнчүлүк берди.

Анкеталар аркылуу университеттеги мүчүлүштүктөр, көйгөйлөр жана талаптар аныкталды жана аккредитация процесси үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултууга көмөк берди. Алынган маалыматтар аккредитациялык комиссияга университеттин билим берүү сапатын, практикалык даярдыгын жана өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн баалоого чоң мүмкүндүк алып келди.

Комиссия студенттер арасында сурамжылоо жүргүзүп, төмөнкүдөй жыйынтыкка келген.

**"Бүтүрүүчүлөр үчүн анкета"** – Сурамжылоого катышкандардын жалпы саны – 46. Алардын 65,21%ы айлык акы менен толук ставкадагы жумуш менен камсыздалган, 6,5%ы толук эмес жумуш менен камсыздалган, 4,3%ы гана магистратурада окуусун улантышкан.

“Билим берүү тармагында иштейсиңби?” деген суроого – сурамжылоого катышкандардын 82,6% Ооба, калган 17,4% Жок деп жооп беришти.

Сурамжылоого катышкандардын 82,6%ы уюмдарда жумуш менен камсыз болушса, анын 72%ы эмгек акысына канааттанышат.

“Сиз өзүңүздүн билим берүү тармагын туура тандадым деп ойлойсузбу?” деген суроого. – Бүтүрүүчүлөрдүн 87% “Ооба” деп жооп берсе, 13% гана тандоосуна наааразы болгон.

**«Студенттер үчүн анкета»** - Сурамжылоого катышкандардын жалпы саны 57.

Студенттердин 91,2%ы предмет боюнча тапшырмаларды тынымсыз аткарууга макул болушса, 8,8% окуучулар «макул эмес» деп жооп беришкен.

91,2% предмет боюнча сабактарга кызыгышат, 8,8% предмет боюнча сабактарга катышууга кызыктар эмес деп жооп беришкен.

Сурамжылоого катышкан 100% студенттердин 28%ы сабактын графиги алардын муктаждыктарына жооп бербейт деп жооп беришкен.

Студенттердин 88%ы бул предмет боюнча бардык иш-чараларга катышууга оң жооп беришти.

Сурамжылоого катышкан студенттердин 96,5% мугалим сабакка өз убагында келерин айтышкан.

Студенттердин 98,2% мугалим өз сабактарында окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдонот деп жооп беришкен.

Студенттердин 12,3% мугалим студенттин ишин баалоодо бир жактуу экенин айтышкан.

Студенттердин дээрлик 81%ы (80,7%) мугалимде маңыздуу жана визуалдык окуу материалдары бар деп макул болсо, 19,3% макул эмес.

Студенттердин 89,5% мугалим окуу материалын жеңил жана жеткиликтүү баяндайт деген пикирге кошулса, 10,5% андай эмес деп эсептейт.

Университет тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарга карата студенттердин канааттануусун талдоо.

Бардык студенттердин 35% толугу менен макул жана ОшТУнун бардык кызматтарына канааттанышат.

Студенттердин 24,5%ы сабактык расписаниенин түзүлүшүнө канааттанбайт. Жатаканадагы жана ашканадагы шарттар 22,8%ды канааттандырбайт.

12,3% окутуучу тарабынан берилген материалга нааразы.

8,8% СӨАИнин уюштурулушуна нааразы (окутуучулар СӨАИ, тесттик тапшырмаларды жана лабораториялык тапшырмаларды жакшы түшүндүрбөйт).

17,5% - окутуучулар студенттерге кошумча кеңеш алуу үчүн жеткиликтүү эмес жана окутуучу менен студенттердин ортосунда жагымсыз мамилелер бар экенине канааттанбайт.

Студенттердин 21% аудиториядан тышкаркы иш-чаралар аркылуу баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү жок экенине канааттанбайт.

Студенттердин 45,6% өндүрүштүк практикада алган кесиптик көндүмдөрүнө канааттанбаганын айтышкан.

**«Педагогикалык кызматкерлердин канааттануу анкетасы»** - Сурамжылоого катышкандардын жалпы саны 51.

Сурамжылоого катышкан кызматкерлердин 54,4% университеттеги бардык иштөө шарттарына толук канааттанышат.

23,5%ы билим берүү программасын башкарууга катышуусуна, университетте потенциалды өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөрдүн болушуна, коллективде канааттандырарлык психологиялык климаттын болушуна жана пайда болгон социалдык маселелерди чечүүгө канааттанышат.

Бардык кызматкерлердин 21,6% айлык акыга нааразы.

Ал эми кызматкерлердин 14% университет жетекчилигинин ишмердүүлүгүнө канааттанбайт.

Алар төмөнкүлөргө канааттанат: билим берүү процессин иштеп чыгуу жана башкаруу системасына, бул алардын ишмердүүлүгүндө жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүнө чоң таасири бар экендигин эске алышты.

## 3. АНАЛИТИКАЛЫК БӨЛҮК
## 3.1. ЭКСПЕРТТИН СУНУШТАРЫ МЕНЕН АКЫРКЫ АНАЛИЗИ

**Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү.**

| № п/п | Эксперттин сунуштары | Ишке ашырылышы |
|---|---|---|
| 1.1. | Билим берүү программасы билим берүү уюмунун миссиясын, анын негизги принциптерин жана максаттарын эске алуу менен иштелип чыккан. Миссия негизги баалуулуктарды, окутуунун философиясын жана студенттердин билим алуусун өнүктүрүү үчүн орнотулган стандарттарды камтыйт. Ошондой эле учурдагы эмгек рыногунун талаптарын, тренддерин жана өнүгүү багыттарын эске алуу менен түзүлгөн. Бул студенттерди актуалдуу кесиптик көндүмдөр менен камсыз кылууга жана аларды ишке орношууда ийгиликтүү болууга даярдайт. ББПны иштеп чыгууда өзгөчөлүктөр анын сапатында жана натыйжалуулугунда болуш керек, студенттердин муктаждыктарын жана эмгек рыногунун талаптарын канааттандырууга багытталуусу зарыл. | аткарылды |
| 1.2. | Билим берүү программалары боюнча окуу жүктөмү билим берүү стандарттарына толук шайкеш келет жана бул шайкештик билим берүү процессинин сапатын жогорулатууга, студенттердин кесиптик даярдыгын күчөтүүгө жана алардын эмгек рыногундагы ийгилигин камсыз кылууга жардам берет. | аткарылды |
| 1.3. | Билим берүүнүн сапатын камсыз кылууну ишке ашырууда билим берүү уюму жана кызыкдар тараптардын активдүү катышуусу билим берүү системасындагы сапатты жогорулатуу боюнча аракеттерди күчөтүүгө, студенттердин муктаждыктарын канааттандырууга жана заманбап билим берүү стандарттарына ылайык келүүгө мүмкүндүк берет. | аткарылды |
| 1.4. | Окуу жайда ИСО 9001 талаптарына ылайык иштелип чыккан сапат менеджментинин системасы, билим берүү процессинин сапатын жогорулатууга, мүчүлүштүктөрдү жоюуга жана окуу жайдын жалпы натыйжалуулугун күчөтүүгө багытталган. Ушундай системанын өнүгүшү жана жакшыртуулары окуу жайдын имиджин, ишмердүүлүгүн жана билим берүү сапатын жогорулатат. | аткарылды, жакшыртуу болжолдонууда |

| | | |
|---|---|---|
| 1.5. | Инновациялык методдор жана жаңы технологияларды колдонуу билим берүү процессин жандандырат, студенттердин кызыгуусун арттырат жана алардын профессионалдык даярдыгын жогорулатууга жардам берет. Билим берүүнүн сапатын жакшыртууга жана студенттердин ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө таасир берет. | аткарылды |
| 1.6. | Билим берүү уюму студенттердин жеке муктаждыктарын, кызыгууларынын жана билим деңгээлдеринин айырмачылыктарын эске алуу менен индивидуалдык окутуу пландарын иштеп чыккан. Бул индивидуалдык подход студенттерге өз мүмкүнчүлүктөрүн толук ачууга жардам берет жана онлайн платформалар жана ресурстар аркылуу кошумча билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыздайт. | аткарылды |
| 1.7. | Жыл сайын жүргүзүлгөн мониторинг билим берүү программаларынын актуалдуулугун жана сапатын сактоого шарт түзүп, студенттердин билим алуу процесси заманбап талаптарга жооп беришине көмөкчү болот. Мониторингдин негизинде программада эскирген же маанисин жоготкон предметтер алынып салынат же жаңыртылат. Ошол эле учурда, актуалдуу жана жаңы темалар кошулуп, программа дайыма өнүгүп турат. | аткарылды |

**Стандарт 2. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.**

| № п/п | Эксперттин сунуштары | Ишке ашарылышы |
|---|---|---|
| 2.1. | Билим берүү уюмунун миссиясы – бул анын негизги максаттарын жана баалуулуктарын чагылдырган негизги документ. Миссия окуу жайдын коомго, студенттерге жана өнөр жайга берген салымын көрсөтөт. Ал билим берүү, илим жана коомдук өнүгүүнү колдоо боюнча так көрсөтмөлөрдү камтыйт. | аткарылды |
| 2.2. | Билим берүү программасы студенттердин конкреттүү кесиптик жана академиялык максаттарына ылайык алардын компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталган. Теориялык билим менен практикалык көндүмдөрдүн айкалышы студенттерге өз максаттарына жетүүгө жана эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү болууга жардам берет. Окуу программасында сунушталган курстар жана багыттар студенттердин жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатып, алардын карьералык өсүүсүнө түздөн-түз жардам берет. | аткарылды |
| 2.3. | Билим берүү программалары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына толук жооп берет. Бул стандарттар билим берүүдө негизги максаттар, талаптар жана компетенциялар менен аныкталган. Окуу программалары бул стандарттарга ылайык түзүлүп, студенттерге тиешелүү деңгээлдеги билим берүүгө багытталган. Окуу жайда жүргүзүлгөн сурамжылоолор жана маектер аркылуу студенттерден алынган пикирлер программалардын мамлекеттик стандарттарга дал | аткарылды |

| | | |
|---|---|---|
| | келүүсүн тастыктайт. | |
| 2.4. | Өз адистиги боюнча сынактарды ийгиликтүү тапшыруу студенттердин кесиптик даярдыгын жана аларга тиешелүү кесиптик компетенцияларды өздөштүргөнүн тастыктайт. Сынактардан ийгиликтүү өткөн бүтүрүүчүлөргө алардын адистиги боюнча квалификациясын жана жетишилген окуу натыйжаларын ырастаган орто кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет. Бул диплом бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатып, аларды кесиптик ишмердүүлүккө жолдомо берет. | аткарылды |

## Стандарт 3. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо.

| № п/п | Эксперттин сунуштары | Ишке ашарылышы |
|---|---|---|
| 3.1 | Окутуучулардын окутуу усулдарын баалоо жана алардын сапатын жогорулатуу максатында жыл сайын студенттерден сурамжылоо жүргүзүлөт. Сурамжылоонун жыйынтыгы менен окутуу усулдарына инновациялык жана жаңы технологияларды киргизүү мүмкүнчүлүктөрү каралат, ошол эле учурда кетирилген мүчүлүштүктөрдү жоюу иши колго алынат. Бул окутуунун сапатын жогорулатып, студенттердин окууга болгон кызыгуусун арттырат. | аткарылды |
| 3.2 | Билим берүү уюму экзамендердин жана тестирлөөнүн ар кандай формаларын колдонуу аркылуу окуу натыйжаларын баалоодо ачыктыкты камсыз кылуу үчүн бир катар методдорду жана инструменттерди колдонуп, студенттердин билим деңгээлин объективдүү баалайт. Университетте жана колледжде **Univer+** электрондук баалоо системасы ишке кирген жана бул система баалоо процессин автоматташтырып студенттер үчүн ачыктыкты камсыз кылат. | аткарылды |
| 3.3 | Студенттердин окууну таштоо себептерин талдоо жана чараларды көрүү билим берүү уюмунун негизги койгойлорунун бири болуп саналат. Студенттердин окуудан чыгуусунун себептери ар кандай болушу мүмкүн (мисалы, социалдык-экономикалык кыйынчылыктар, кызыгуу жоктугу, ден соолук көйгөйлөрү, жеке кыйынчылыктар ж.б.). Бул себептерди түшүнүү жана анализдөө үчүн атайын сурамжылоо жүргүзүлөт. Изилдөөнүн натыйжасында студенттерге колдоо көрсөтүү стратегиялары иштелип чыгат. Бул стратегиялардын максаты — студенттердин окууну таштап кетпөөсү үчүн алдын алуу чараларды көрүү. | аткарылды |
| 3.4 | Студенттерге башка өлкөлөрдөгү же региондордогу окуу жайларга барып, билим алуу мүмкүнчүлүгүн түзгөн академиялык мобилдүүлүк программалары түзүлгөн. Студенттер үчүн академиялык мобилдүүлүк эл аралык тажрыйба топтоого, ар кандай маданияттар менен таанышууга, кесиптик байланыштарды кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берет жана алардын алган билимдери | аткарылды |

| | | |
|---|---|---|
| | өзүнүн окуу программасына интеграцияланат. | |
| 3.5 | Билим берүү программасы боюнча документтерди иштеп чыгууда бүтүрүүчү студенттердин күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо максатында жыл сайын сурамжылоо жүргүзүлөт. Бул иш-чара студенттердин билим берүү программаларынын сапатына болгон көз карашын, алардан күткөн натыйжаларды жана алардын окуу процесси менен канчалык деңгээлде канааттанганын аныктоого болот. | аткарылды |
| 3.6 | Студенттердин жекече жетишкендиктерин колдоо максатында ОшТУда жыл сайын өткөрүлүүчү "Илим жана студент" аталышындагы илимий конференция жана кесиптик сынактар студенттердин илимий потенциалын жогорулатууга, практикалык көндүмдөрүн өркүндөтүүгө жана өз ара тажрыйба алмашуусуна чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Илимий ийримдер студенттердин изилдөө жана практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жана эл аралык илим дүйнөсүнө киришүүгө жардам берет. | аткарылды |
| 3.7. | Студенттердин арыздарына (даттанууларына) "Ишеним кутучасы" аркылуу жооп берүү жол-жоболорунун иштелип чыгышы жана ишке киргизилиши университеттеги ачыктыкты жана студенттердин пикирлерин эске алууну камсыз кылууда маанилүү орунда турат. Ошондой эле арыздардын анонимдүүлүгү камсыздалып, студенттердин өз ойлорун жана даттанууларынын коопсуздугу сакталуу менен кутучага маалымат жиберүү эркиндиги каралган. | аткарылды |

**Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал.**

| № п/п | Эксперттин сунуштары | Ишке ашарылышы |
|---|---|---|
| 4.1. | ПО курамын жана көмөкчү персоналды тандоо ачык конкурс түрүндө өткөрүлөт. Конкурска катышуу үчүн талапкерлерге тиешелүү маалыматтарды берүү жана ар кандай квалификациялык талаптарды аткауу мүмкүнчүлүктөрү берилет. Кафедрада окутуучу жана көмөкчү персоналды тандоо процессинин ачык жана объективдүү жүргүзүлүшү билим берүү сапатын жогорулатууга, студенттердин муктаждыктарын канааттандырууга аракеттер жасалат. | аткарылды |
| 4.2. | ПО курамдын билим берүүчү кесиптик тренингдерге, семинарларга жана башка иш-чараларга катышуусу алардын квалификациясын жогорулатууга, билим берүү процессиндеги методологияларды өркүндөтүүгө жана студенттерге сапаттуу билим берүү үчүн маанилүү экендигин тастыктайт. | аткарылды |
| 4.3. | Окутуучулар мамлекеттик стандарттарга ылайык, билим берүү программаларына негизделген окуу-методикалык комплекстерди (ОМК) даярдашат. ОМК студенттердин | аткарылды |

| | | |
|---|---|---|
| | билим алуусуна, муктаждыктарын жана окуу максаттарын эске алуу менен иштелип чыгат. Даярдалган ОМК усулдук кеңеш аркылуу текшерилип, макулдашылат жана бекитилет. Усулдук кеңештин мүчөлөрү ОМКнын актуалдуулугун, методикалык жактан тууралыгын жана билим берүү стандартына шайкештигин карап чыгат. Окутуучулар окутуунун эффективдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн тиешелүү сабактардан окуу куралдарды жана окуу китептерин даярдашып студенттердин сабактарда өз алдынча иштөөсүнө жана билимдерин тереңдетүүсүнө көмөк көрсөтүшөт. | |
| 4.4. | Кураторлор колледждин тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдашылып, колледждин директору тарабынан дайындалат. Кураторлор студенттердин муктаждыктарын, көйгөйлөрүн чечүүгө жана тарбиялык иштерде жетекчилик кылууга жоопкерчилик алышат. Студенттердин ата-энелери менен биргеликте тарбиялык иштерди жүргүзүү максатында электрондук группалар (WhatsApp, Telegram) ачылат. Бул тарбиялык иштер, окуу процесси жана ар кандай иш-чаралар жөнүндө маалымдоо үчүн колдонулат. | аткарылды |
| 4.5. | Окутуунун сапатын жогорулатуу максатында инновациялык билим берүү системасында ар түрдүү иш-чаралар уюштурулат. Студенттер үчүн адистештирилген ишканалардын өкүлдөрүн чакыруу менен конок лекцияларды өткөрүшөт. Окуу жайдын максаты ишканалардын өкүлдөрүн билим берүүгө тартуу жана студенттерди эмгек рыногунун талаптарына даярдоого багытталган. | аткарылды |
| 4.6. | "IT технологиялар" ПЦБнын окутуучулары Бактияр уулу Байэл, Турдукулов С.О, Ташибеков Т.Ч., Оморова С.Т., Мусаева М.Э., Нышанова А.С., Умурзакова Р.А шаарыбыздын жеке жана мамлекеттик секторлордогу ишканаларында, эл аралык уюмдарда тажрыйба алышып, окутулуучу дисциплиналардын профилине жана даярдоо программасына ылайык практикадан өтүшкөн. Өз учурунда аталган окутуучулар алган тажрыйбаларын студенттерге сабак берүүдө колдонуп келүүдө, практикаларды өтүүдө студенттерге жакындан жардам беришүүдө. | аткарылды |

**Стандарт 5. Материалдык жана маалыматтык ресурстар.**

| № п/п | Эксперттин сунуштары | Ишке ашарылышы |
|---|---|---|
| 5.1 | Окуу жайда студенттердин окуу китептери жана окуу куралдары менен дайыма камсыз болуусу көзөмөлдөнөт. Нормативдик талаптарга дал келүүсү үчүн жыл сайын электрондук библиотеканы жана окуу залдарындагы китептерди үзгүлтүксүз жаңылоого, илимдин жана техниканын акыркы жетишкендиктерин чагылдырган материалдар менен камсыздоо аракет жасалат. | аткарылды |
| 5.2 | Окуу жайда билим берүү процессинде колдонулган материалдар, жабдуулар жана технологиялар коопсуздук стандарттарына жооп берет. Ар дайым коопсуздук эрежелери жана талаптары студенттерге жана окутуучуларга түшүндүрүлүп, үйрөтүлөт. Ар бир окуу кааналарда, компьютердик класстарда коопсуздук эрежелеринин китептери, эвакуация эрежелери илинген. | аткарылды |
| 5.3 | Ар бир кабинетте жана лабораторияда студенттер үчүн коопсуздук боюнча инструктаждар илинген. Бул инструктаждар студенттерге жана окутуучуларга жабдууларды жана материалдарды колдонуудагы коопсуздук эрежелерин сактоого көмөк берет. | |
| 5.4 | Окуу процессин жетектөө жана баалоо үчүн окутуучулар тарабынан даярдалган методикалык материалдар иштелип чыгат. Окуу куралдары жана усулдук материалдар студенттердин ар түрдүү муктаждыктарына жана деңгээлдерине жооп берүүгө багытталган. | аткарылды |
| 5.5 | Университетте жана колледжде заманбап лабораториялык жабдыктар, компьютерлер, мультимедиа системалары жана башка окуу процессин сапаттуу жүргүзүүгө зарыл болгон техникалык каражаттар бар. Жабдыктарды тейлөө жана оңдоо үчүн атайын адистер бар, бул жабдуулардын иштеши жана сапаты боюнча жогорку стандарттарды сактоого жардам берет. | аткарылды |
| 5.6 | Окуу жайда студенттердин өз алдынча иштөөсүнө жана билимдерин тереңдетүүгө шарттар түзүлгөн, бул алардын академиялык жана профессионалдык өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет. Студенттердин өз алдынча изилдөө жүргүзүүсү, проекттерди иштеп чыгуусу жана илимий иштерди даярдоосу үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөн. Китепканада жеке изилдөө үчүн тынч, ыңгайлуу жайлар бар, бул студенттердин концентрациясына жана чыгармачылыгына шарт түзөт. | аткарылды |

**Стандарт 6. Маалымат жана коомчулукка жеткирүү.**

| № п/п | Эксперттин сунуштары | Ишке ашарылышы |
|---|---|---|
| 6.1. | ОшТУ Univer+ маалыматтык системасын иштеп чыккан, жогорку жана орто кесиптик билим берүүнү жакшыртуу үчүн колдонууда. Система окуу жайдын ичиндеги иш процессинин оптимизациясына, маалыматтын актуалдуулугуна жана канааттануусуна шарт түзөт. | аткарылды |
| 6.2. | Univer+ программалык комплекси студенттер жана билим берүү уюмунун кызматкерлери үчүн жеке логин жана пароль аркылуу кирүүнү камсыз кылат. Анткени ар бир студент жана окутуучу үчүн уникалдуу логин жана пароль берилет, бул алардын жеке кабинетине кирүүнү жеңилдетет. Персоналдык логин жана пароль менен кирүү менен маалыматтардын коопсуздугун каралган. | аткарылды |
| 6.3 | ОшТУ коомчулукка маалымат берүүдө сайт жана массалык маалымат каражаттарын колдонуп, жыл сайын "Бош орундар" жарманкесин өткөрүп, студенттерге жана бүтүрүүчүлөргө жумуш мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат берүүгө арналган иш-чараларды уюштурат. Бул жарманке аркылуу студенттер жана бүтүрүүчүлөр жумуш берүүчүлөр менен байланышып, карьералык мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө шарт түзүлөт. | аткарылды |
| 6.4. | Билим берүү программасын иштеп чыгууда кафедранын ПО курамы атайын программанын негизинде тегерек стол уюштурган. Тегерек столго иш берүүчүлөр, кызыктар тараптар жана окуу жайдын жетекчилиги тартылып, биргеликте эмгек рыногуна туура келүүчү окуу планын иштеп чыккан. Окуу планда заман талабына дал келүүчү программалардын тизмегин киргизүү сунушталып, жетекчилик тарабынан жактырылган. Иштелип чыккан окуу пландын негизинде студенттерден кайтарым байланыштарын күчөтүү зарылдыгы бар экендиги такталды. | аткарылды |
| 6.5. | Студенттердин билим деңгээлин иш берүүчүлөр практика учурунда баалоо менен окутуунун сапатына баа берет. Эгерде студент практика учурунда өндүрүштүн талабына дал келгендей натыйжа көрсөтө алса жумушка орношууну сунушташат. Ар жылы иш берүүчүлөр жана кызыкдар тараптардын сунуштарын эске алуу менен программаларды актуалдаштырууга жана студенттердин билим сапатын жогорулатууга кафедра тарабынан иш аракеттер күчөтүлөт. | аткарылды |

### 3.2. Билим берүү программаларынын Сапаттуу билимдин стандарттарына дал келиши боюнча анализ.

### 3.2.1 Программалык аккредитация үчүн SWOT-анализ

| **S(strenght)-** күчтүү жактары (жакшы жактары) | **W(weakness)-** алсыз жактары (начар жактары) |
|---|---|
| Материалдык-техникалык базанын чыңдалышы;<br>• IT адистиктигине жылдан-жылга суроо-талаптын жогорулашынын негизинде кафедрага тиешелүү адистиктердин контингенттеринин көбөйүшү;<br>• Кабыл алууда IT тармагына тапшырууга келген абитуриенттердин саны жылдан жылга өсүүсү;<br>• Иш берүүчүлөр менен кафедранын ортосундагы тыгыз байланыштын негизинде окуу программаларына актуалдуу сабактардын киргизүүнү иш жүзүнө арттыруу аракеттери;<br>• Студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында өндүрүштөн практикалык сааттарды өтүүгө айкалыштырып иштеген атайын адистерди тартууну уюштуруу.<br>• Окуу жай менен Ош шаарындагы жана Баткен облусундагы орто кесиптик колледждеринин ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде академиялык мобилдүүлүктү жылдан жылга күчөтүү. | • IT тармагындагы адистиктерде студенттердин саны көп болгондуктан топтук сабактарды өтүү үчүн атайын аудиториялардын жетишсиздиги;<br>• Студенттердин практика сабактарда практикалык жумуштарды аткаруусу үчүн материалдык-техникалык базанын жетишпегендиги. |
| **O (Opportunities)** – мүмкүнчүлүктөр (билим берүү уюмун жакшыртууга түрткү боло турган сырткы күчтөр) | **T (Threats)**– коркунучтар (уюмдун ишин артка тартуучу факторлор): |
| • Кафедранын окутуучуларын IT адистиги боюнча кыска мөөнөттүү курстарды окуусуна окуу жай тарабынан шарт түзүү; .<br>• Студенттердин жана окутуучулардын Кыргызстандын ичинде жана коншулаш мамлекеттердин окуу жайларына академиялык мобилдүүлүктү күчөтүү максатында, каржылоо булактарын издөө. | • Студенттердин жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүнө каражаттын аздыгы;<br>• Окуу жайда кафедрага тиешелүү компьютердик кааналардын жетишпегендиги. |

### 3.2.2. Программалык аккредитациянын стандарттарына дал келиши

**1-стандарт боюнча: Билим берүү программасынын сапатын камсыз кылуу саясаты (миссиясы, максаттары, өнүгүү стратегиясы) жана процедуралары.**

Окуу жайдын билим берүү программасынын сапатын камсыз кылуу саясаты максаттуу жана заманбап талаптарга жооп берет деп айтууга болот. Бул саясат иш берүүчүлөр менен болгон тыгыз байланыш, эл аралык кызматташтык, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана окуу программаларын үзгүлтүксүз жаңылоо аркылуу билим берүү сапатын үзгүлтүксүз жакшыртуу үчүн ишенимдүү негиз болуп саналат. Бирок бул саясатты ишке ашырууда эффективдүү аткарууну камсыз кылуу үчүн бардык процесстер ишенимдүү жана координацияланган.

**Критерийлер боюнча анализ:**

1-критерий толук дал келет. Билим берүү максаттары БКББ окуу жайлары үчүн типтүү план иштелип чыгып, квалификациялык мүнөздөмөлөрү дал келет.

2-критерий толук дал келет. Окутуунун натыйжаларына мониторинг жүргүзүү сунушталат.

3- критерий толук дал келет. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашырууга, көзөмөлдөөгө жана кароого билим берүү уюмунун жетекчилигинин, кызматкерлеринин, студенттеринин жана кызыктар тараптардын катышуусун көрсөткөн маалыматтар бар жана протоколдоштурулган.

4- критерий толук дал келет. Билим берүү сапатын камсыздоо максатында окуу жайда жооптуу адамдар бар.

5- критерий толук дал келет. Кафедрада билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана инновациялык усулдарды колдонууну колго алуу максатында, окутуучуларды мүмкүнчүлүк болгон ар түрдүү семинарларда, тегерек столдордо катышуусу колго алынган. Кафедранын окутуучулары билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында тиешелүү дисциплиналарга окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгышкан, проекторлор жана компьютерлерди пайдалануу менен сабак өтүшөт.

6-критерий толугу менен дал келет. Сабактардан сырткары кошумча билим берүү максатында ар кандай курстар жана кружоктор уюштурулган. Тилдерди үйрөнүү үчүн корей тил, кытай тил, америкалык-ресурстук борборунда тил үйрөнүү курстарына студенттер активдүү катышышат. Ошондой эле аккредитацияланып жаткан адистиктер боюнча “Робототехника”, “Веб-программирование” ийримдери уюштурулган.

7-критерий толугу менен дал келет. Конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна баа берүү үчүн окуу пландары жана жумушчу программалары кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн эске алуу менен мезгил-мезгили менен оңдолуп турат.

**Пикир:** Окуу жайда мурунку аккредитациялоо мөөнөтүндө берилген сунуштар аткарылып, стратегиялык пландоо жүргөнү жана ага мониторниг болгону аныкталды. Кызыкдар тараптардын катышуусу да жанданганы байкалды.

**Стандарттын күчтүү жагы** катары иш берүүчүлөрдүн окуу программасынын мазмунун жакшыртууга болгон аракеттерин көрүүгө болот.

**Сунуштар:**

1. Адистик боюнча окуу китептеринин жыл мөөнөттөрүн жаңылоо сунушталат.

2. Билим берүү сапатын камсыз кылуу максатында окуу жайда тараптардын катышуусунда мезгили менен баалоо жүргүзүлүүсү сунушталат.

**Жыйынтык:** Стандарт 1 толугу менен аткарылды.

**2- стандарт боюнча: Негизги билим берүү программаларын бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо.**

Программаларды бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо билим берүүнүн сапаты үчүн зарыл. Жогорудагы процесстер окуу жайда үзгүлтүксүз жана системалуу иштегени байкалды. Себеби программалардын ишке ашырылышы ийгиликтүү жүргүзүлгөнүнө, заманбап билим берүү усулдарын колдонууларына күбө болдук. Баардык кызыктар тараптардын катышуусу жана пикирлерин эске алуу менен адистиктин программаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жүргүзүлүп турат. Баалоо жана мониторинг жүргүзүү окуу программаларына, билим сапатына жана бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногундагы билимин жогорулатууга жардам берет.

**Критерийлер боюнча анализ:**

1-критерий толук дал келет.

2-критерий толук дал келет. Академиялык мобилдүүлүк боюнча студенттер жана окутуучуларды белгилүү бир академиялык мезгилге башка окуу жайлар менен тажрыйба алмашуу, материалдык-техникалык базасы, окуу усулдары менен таанышып билим деңгээлин жогорулатууга, теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк алат.

3- критерий толук дал келет. Кафедрадагы адистиктердин билим берүү программалары мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программаларын иштеп чыккан жана квалификациялардын улуттук алкагына ылайык окутуунун натыйжаларына жетишүү үчүн иш-аракеттерди аткарып келет.

4- критерий толук дал келет. Окуу программаларынын жаңырышына кызыкдар тараптардын катышуусу каралган. Себеби, техниканын өнүгүшү менен окуу программаларына жаңы сааттар киргизилген. Мониторингдин анализи көрсөткөндөй, билим сапаты өсүп, контингент көбөйгөн.

**Пикир:** Окуу жайда мониторинг мезгил-мезгили менен кызматтык нускамага ылайык жүргүзүлөт. Ар бир жүргүзүлгөн иш боюнча анализ берилген.

**Сунуш:**

1. Окуу жайда жүргүзүлгөн сурамжылоолорго таянуу менен окуу планына заман талабына дал келүүчү сабактарды көбүрөөк киргизүү зарыл.

**Жыйынтык:** 2-Стандарт толук шайкеш келет.

**3-стандарт: Инсанга багытталган билим берүү жана студенттердин жетишкендигинин натыйжалуулугун баалоо.**

Адистиктердин билим берүү программалары инновациялык методдорду, билим берүүнүн формаларын, технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн студенттер менен үзгүлтүксүз өз ара байланышты пайдалануу бир багытка коюлган.

Билим берүүдө педагогикалык усулдар, формалар жана технологияларды колдонууну баалоо студенттер арасында сурамжылоо аркылуу ишке ашырылган. Ар бир курс боюнча окуучу 10 баллдык шкала менен сабак берген окутуучуну баалашып, ар бир

окутуучу үчүн орточо балл чыгарылып, андан кийин жетекчи тарабынан анкетирлөөнүн жыйынтыгы анализденген.

Тиешелүү компетенттүүлүккө ээ болууда электрондук тесттер, карточкалар, интерактивдүү доскалар, таркатма материалдар, суроо-жооптор, шаблондор, видео роликтерди пайдалануу менен мугалимер көздөгөн максаттарына жетишет

Билим берүү программасын жакшыртуу, кафедранын окутуучуларынын компетенттүүлүгүн аныктоо максатында Информатика, программалоо жана байланыш кафедрасы жыл сайын студенттер менен жолугушууларды уюштуруп келген. Жыйынтыгында кафедранын окутуучуларынын билим деңгээли, окуучуларга болгон мамилеси, педагогикалык усулдарды билүүсү, жаны технологияларда иштөө жөндөмү, ж.б. талкууланып, протоколдоштурулат жана кемчиликтерди жоюу боюнча иш-аракеттер аныкталган.

Студенттердин сабактарды өздөштүрүүсүн текшерүү үчүн онлайн тест түрүндө, контролдук суроолорду берүү, тема боюнча өз алдынча тапшырмаларды берүү (жазуу жана оозеки түрүндө) менен ишке ашырылып келет.

**Критерийлер боюнча анализ:**

1-критерий толугу менен дал келет. Студенттерден алынган анкеталардын анализи толук берилген эмес. Бирок, окутууда колдонулган усулдун түрлөрү берилген.

✓ **Сунуш:** окутуучулардын сабактарда колдонгон усулдарын студенттин көзү менен мезгил мезгили менен баалоо сунушталат.

2- критерий толугу менен дал келет. Кафедранын адистиктеринин билим берүү программалары студенттердин билимин баалоонун критерийлеринин, методдорунун жана алардын түрлөрүнүн жол-жоболорун өзүнүн сайтында жайгаштырат. Андан сырткары ал маалыматтар ар бир окутуучунун жумушчу программасында ачык-айкын жана жеткиликтүү чагылдырылат. Студенттердин сабакка катышуу, жетишүүсү ОшТУнун сайтында жана Универ программасы аркылуу интернет сайтында көрсөтүлгөн жана аны студенттин өзү, ата-энеси же кызыктар тараптар байкап мониторинг жүргүзө алат.

3-критерий толугу менен дал келет. Колледждин жетекчилиги жана кафедра башчы тарабынан студенттердин окууну таштоо себептери, мисалы, үй-бүлөлүк себептерден (финансылык абалдын оордугу), жүйөлүү себепсиз сабакка келбей калуусу дайыма талданат жана чаралар көрүлөт. Студенттердин билимин бекемдоо жана жетишүүсүн жогорулатуу үчүн кураторлордун билдирүүсүнүн негизинде жеңилдетилген шарттарды сунуштоо кафедрада талкууланып, жетекчилике маалымдалат.

4-критерий жарым-жартылай дал келет. Кафедранын адистиктеринин билим берүү программалары студенттердин ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алгандыгы менен академиялык мобилдүүлүгүн калыптандыруу жолго коюлган.

✓ **Сунуш:** мобилдүүлүктү Кыргызстандын башка облустарында жайгашкан окуу жайлар менен да кызматташуу ишке ашырылсын.

5- критерий толук дал келет. Бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштурууну баалоо механизми 2 этаптан турат: бүтүрүүчүлөр тууралуу маалыматты бүтүрүү курсунун аягында чогултуу (даректери, бүтүрүүчүлөрдүн жана ата-энелердин телефондору, электрондук даректери ж.б.) жана колледжди аяктагандан кийин 6 айдан кийин бүтүрүүчүлөр байкоого алынат. Көз салуу үчүн анкеталар даярдалып, негизинен социалдык тармактар аркылуу даректерге жөнөтүлөт. Бүтүрүүчүлөрдүн жооптору талданып, ишке орношуу көрсөткүчтөрүн жакшыртуу планы түзүлөт.

6- критерий толук дал келет. Студенттердин ар түрдүү олимпиада, конкурстарга

катышуусу колго алынган. Кафедранын адистиктери боюнча студенттердин арасында предметтик олимпиадалар өткөрүлүп турат. Ошондой эле, кафедрада кесиптик сынактарды жана долбоорлорду жыл сайын өткөрүү колго алынган. Мисалы, IT специалисттеринин арасында тиркемелерди түзүү, "Робототехника" сабагында жасалган эн мыкты долбоор сынагы өткөрүлүп, алардын мыктылары кафедранын мактоо баракчаларына жана баалуу белектерге ээ болду.

7- критерий толук дал келет.

**Сунуш:** Даттануулар боюнча иштелип чыккан Жобо тиркелсин.

**Анализ:** Окуу жайда студенттердин жетишкендиктери натыйжалуу бааланат.

**Жыйынтык:** Стандарт 3 толук шайкеш келет.

## Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал.

Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча) ОП кызыкдар тараптар менен макулдашуу жана адам ресурстарын башкаруу боюнча миссияга ылайык кесиптик тажрыйбасы бар, студенттер менен иштөө үчүн компетенттүү персоналга ээ болгон, ОПКнын кадрдык потенциалын тандоо, мониторинг жүргүзүү, жакшыртуу боюнча саясатка жана механизмдерге ээ боло алган. Окутуучулардын илимий ишмердүүлүгүнө дем берүү үчүн акы төлөнүүчү убактылуу өргүү жана тиешелүү документтерди көрсөтүү менен материалдык жардам түрүндө берилүүчү колдоолор жана шарттары түзүлгөн. Профессордук-окутуучулук курамдын билим берүү процессинде окутуунун заманбап усулдарын пайдаланып келишет.

**Критерийлер боюнча анализ:**

1-критерий толугу менен дал келет. Окуу жайда ишке кабыл алуу Уставдын жана Эмгек кодексинин негизинде жүргүзүлөт.

2-критерий толугу менен дал келет. ОшТУда жана колледжде окутуучулардын квалификацияларын жогорулатуунун планы иштелип чыккан. Планга ылайык кафедралардын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келет.

3-критерий толугу менен дал келет. IT технологиялар ПЦБнын окутуучу-профессордук курамы жыл сайын билимин өркүндөтүү максатында илимий семинарларга, курстарга, тренингдерге катышып турат. Ошондой эле студенттерге билим берүүдө, окутуунун интерактивдүү усулдарын колдонуп окутуу колго алынган. Өздөрүнө бөлүнүп берилген сабактар боюнча окуу-усулдук көргөзмөлөрдү жана колдонмолорду даярдашып, ОшТУнун окуу-усулдук кеңешинен бекиттирип, ОшТУнун басмаканасынан чыгарышып, китепкана фондуна өткөрүп беришет.

4- критерий толугу менен дал келет. Жаңы окуу жылынын башталышында биринчи курска кабыл алынган тайпаларга Курулуш кафедрасы тарабынан кураторлор көрсөтүлүп, колледждин тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдашылып, колледждин директору аркылуу дайындалат. Кураторлор, студенттер менен тыгыз байланышта болуп, алардын ата-энелери менен биргеликте тарбиялык иштерин жүргүзүшөт. Академиялык кеңешчи катары ОшТУнун бирдиктүү терезеси иш алып барат. Студенттер өздөрүнө зарыл болгон маалыматтарды, маалымкаттарды, ж.б. зарыл болгон тактамаларды бирдиктүү терезеден акысыз ала алышат. Жатаканада жашаган студенттер үчүн шарттар түзүлгөн, алардын ичинде жатакана директору Апазов Бахтияр

студенттердин бош убактыларын өткөрүү боюнча бекитилген жылдык иш-планынын негизинде иш алып барат.

5-критерий толугу менен дал келет. Окуу жыл ичинде адистештирилген ишканалардын өкүлдөрүн тартуу менен окутуучуларга жана студенттерге семинар-тренингдер жана конок лекциялар өтүлүп турат. Атап айтсак, 2023-жылы сентябрь айында Prolab академиясынын директору Алимов Рахматулло, Geeks IT-компаниясынын окутуучулары "IT программалоо" боюнча конок лекция өтүп беришти.

6- критерий толугу менен дал келет. Кафедранын октуучулары Бактияр уулу Байэл, Турдукулов С.О, Ташибеков Т.Ч., Оморова С.Т., Мусаева М.Э., Нышанова А.С., Умурзакова Р.А шаарыбыздын жеке жана мамлекеттик секторлордогу ишканаларында, эл аралык уюмдарда тажрыйба алышып, окутулуучу дисциплиналардын профилине жана даярдоо программасына ылайык практикадан өтүшкөн.

**Анализ:** Стандартты толугу менен аткарууга окуу жайда бардык шарттар түзүлгөн.

**Сунуш:** Усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу жана басмаканадан чыгаруу күчөтүлсүн.

**Жыйынтык:** Стандарт 4 толугу менен шайкеш келет

**Стандарт 5. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары.**

Жыл сайын окуу жай материалдык-техникалык жана маалыматтык ресурстардын болушуна жана абалына талдоо жүргүзүлүп жана аларды кийинки жылга өнүктүрүү планын көрө алдык.

Билим берүү программаларынын максаттарына жетүү үчүн ОшТУда билим берүү процесси үчүн зарыл болгон октуу кааналары жана алардын жабдууларын байкадык.

Топтук лекциялык сабактарды өткөрүү үчүн ОшТУда чоң окуу аудиториялары каралган (галереялар 203, 217 ж.б.) аталган аудиториялардын ар биринин аянты 200 м2 жана сыйымдуулугу 240 орундуу. Аудиториялар реконструкцияланып, оңдолуп жатканына күбө болдук.

Топтук лекциялык (76 кв.м.) жана практикалык (семинардык) сабактарды өткөрүү үчүн типтүү аудиториялар аянты 42 м2 жана сыйымдуулугу 80 орунга чейин, мисалы ауд. 504) адистештирилген стенддер жана макеттер менен комплекттелген. Окуу аудиториялары эмеректер менен толук камсыздалган. Компьютердик класстарда окуп жаткандардын окуу процессинде пайдаланылуучу лицензиялык программалык камсыздоосу сатылып алынып жана университеттин Сервистик борбор тарабынан орнотулуп берилерин байкоого болот.

ОшТУда электрондук китепкана түрүндө окутуунун маалыматтык чөйрөсү түзүлгөн.

НББП окуп жаткандарды окутуунун натыйжаларына жетишүүгө колдоо көрсөтүү жана дем берүү максатында жетиштүү сандагы адам ресурстарына ээ. Билим берүү уюму студенттердин илимий иш-аракеттери үчүн тийиштүү шарттарды камсыз кылып бере алган.

**Критерийлер боюнча анализ:**

1-критерий толугу менен дал келет. Окуу жайда аккредитация өткөрүлүп жаткан адистиктер боюнча атайын окутуу кааналары жетиштүү жана заманбап техникалар, компьютерлер менен жабдылган..

**Сунуш:** адистик боюнча компьютердик кааналарды көбөйтүү зарыл.

2- критерий толугу менен дал келет. Колледждин окуу процессине тиешелүү болгон бардык аудиториялары Ош шаарынын Санитардык эпидемиялогиялык көзөмөл борбору тарабынан жыл сайын текшерилет, профессордук-окутуучулук жана жардамчы-көмөкчү курамдар жыл сайын медициналык кароодон өтүп турушат. Университетте КРнын 07.06.2007-ж №22 "Өрт коопсуздугу боюнча" мыйзамынын негизинде бардык талаптар аткарылат.

3-критерий толугу менен дал келет. Окуу процессин толук кандуу жүргүзүү үчүн окуу куралдары жана окуу усулдук материалдар алынган, иштелип чыккан жана алар программанын мазмунуна дал келет. Окуу-усулдук комплексинин материалдары басма түрүндө гана болбостон, алардын электрондук варианттары ОшТУнун Универ билим берүү порталына киргизилген.

4-критерий толугу менен дал келет. ГТК ОшТУнун базасында болгондуктан, жогорку кесиптик билим берүү программаларынын окуу кааналарын биргеликте колдонушат. Колледжде окуу процессин камсыздоо үчүн керектүү болгон материалдык-техникалык база жетиштерлик санда бар жана алар заманбап материалдык-техникалык жабдыктар менен жабдылган.

5-критерий толугу менен дал келет. Окуу жайда түзүлгөн шарттар студенттердин өз алдынча иштөөсүн камсыз кыла алат.

**Анализ:** стандарт дал келет. Окуу жайдын кээ бир кааналарындагы компьютерлер азыркы талапка жооп бербейт, ошондуктан, акырындык менен жаңыртылууга тийиш.

**Стандарттын күчтүү жагы:** Окуу китептери, окуу куралдары жана окуу-методикалык материалдар, анын ичинде электрондук окуу китептери, окуу куралдары жана окуу-методикалык материалдар аккредитацияланып жаткан билим берүү программасынын мазмунуна шайкеш келет.

**Сунуш**: Мамлекеттик жана жеке менчик инвестициялардын жана окуу-материалдык уюмдардын тышкы булактарын тартуу.

**Жыйынтык:** Стандарт 5 толук шайкеш келет.

## Стандарт 6: Маалыматты башкаруу жана коомчулук менен байланыш.

Жалпы окуу жай жөнүндө маалымат өтө жакшы деңгээлде уюштурулган. Окуу жайдын расмий сайты иштейт, сайтта университетке тиешелүү болгон баардык маалыматтар камтылган. Окуу жайда "Univer+" маалымат системсы натыйжалуу иштеп жатат, ал бардык билим берүү процесстерин киргизүү деңгээлинен баштап студенттерди бүтүрүүгө чейинки маалыматтары автоматташтырууга мүмкүнчүлүк толук жеткиликтүү. Андан сырткары маалыматтарды фейсбук, инстаграм жана Жаштык телеканалы аркылуу көрүү болот.

Коомчулук менен байланыш, маалымат мейкиндигинде студенттер үчүн чектөө жок. Коомчулук үчүн медиа порталдар, кызыктар тараптар үчүн онлайн конференциялар уюштуруу окуу жайдын адаттына айланган жана ачык айкын жүргүзүлөт.

**Критерийлер боюнча анализ:**

1-критерий толугу менен дал келет. Ош технологиялык университети өзүнүн «UNIVER+» маалыматтык системасын (ИС) иштеп чыгып, ишке киргизди. UNIVER+ программалык комплекси жогорку жана орто атайын окуу жайларында окуу процессин башкарууну жана уюштурууну автоматташтыруу жана маалыматты чогултуу жана талдоо

үчүн иштелип чыккан. Аны ишке ашыруу заманбап билим берүү мекемесинин алдында турган көйгөйлөрдү чечүүгө комплекстүү мамиле жасоого мүмкүндүк берет.

2-критерий толугу менен дал келет. UNIVER+ программалык комплексин колдонуу студенттер жана билим берүү уюмунун кызматкерлери үчүн жеке логин, пароль аркылуу ишке ашырылат, б.а. ар бир студенттин жана окутуучунун жеке кабинетине кирүү үчүн персоналдык логин пароль берилет, аны өз каалоосу менен өзгөртүп алса да болот.

3- критерий толугу менен дал келет. Билим берүү уюму коомчулукка маалымат берүүдө өзүнүн сайты жана массалык маалымат каражаттары пайдаланылат: ОшТУнун веб-сайты, "Жаштык" теле берүүсү, жылына 2 жолу чыгуучу "Универсал" газетасы, андан башка "Ынтымак", "ОшТВ", "Ош Пирим" теле берүүлөрү аркылуу маалымдоо каражаттарын пайдаланат. Мындан башка "Бош орундар" жарманкеси, буклеттер, шаардын көчөлөрүндө илинген жарманкелер аркылуу таанылат. Билим берүү уюму ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары жана берилүүчү квалификациялар боюнча туура жана сапаттуу маалыматты дайыма өз убагында түзүлгөн сайт аркылуу жарыялап турат.

4- критерий толугу менен дал келет. Билим берүү уюму билим берүү программасын камсыз кылууда жетекчилик, атайын предмет окутуучулары, иш берүүчүлөр жана кызыктар тараптар менен биргеликте эмгек рыногуна жараша план программаларын карап чыгышат, б.а. кайтарым байланыш жылына бир жолу биргеликте талкуулоо механизми аркылуу ишке ашат. Эгерде программада кемчиликтер жана өзгөртүүлөр зарыл болсо эки тараптуу макулдашуу менен оңдолот жана ондолгон программаны бекитүү жетекчиликке сунушталат.

5- критерий толугу менен дал келет. Иш берүүчүлөр, билим берүү программасынын натыйжалуулугуна, студенттер практикада жүргөн учурда мониторинг жүргүзө алат, ал эми бүтүрүүчүлөрдүн ишинин натыйжалуулугу жана сапаты жөнүндө алар ишке орношуп, иштеп жаткан учурда айта алышат жана алар ОшТУнун карьера борбору, кафедра менен болгон жолугушууларда өздөрүнүн ой-пикирлерин, сунуштарын беришет. Бул жолугушуулар протоколдоштурулуп, фото сүрөттөр менен тастыкталып, эки тараптуу колдор коюлгандан кийин документтештирилет жана жетекчилик менен талкууланат.

**Анализ:** коомчулук менен байланыш түзүү ишке ашырылган, окуу жайдын сайты толук кандуу иштейт. Өзүнүн бирдиктүү маалыматтык тутуму майнаптуу иштеп келет.

✓ **Сунуштар:** Карьерасында олуттуу ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөр жөнүндө коомчулукка маалымдоону күчөтүү.

**Жыйынтык:** Стандарт 6 толугу менен шайкеш келет

# 4. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН АККРЕДИТАЦИЯНЫН СТАНДАРТТАРЫНА ДАЛ КЕЛИШИ

| № пп | Стандарттар | Билим берүү прораммасын баалоо | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Толук дал келет (3 балл) | жарым-жартылай дал келет (2 балл) | дал келбейт (1 балл) |
| 1 | 1-стандарт: Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү. (7 критерий) | 21 | - | - |
| 2 | 2-стандарт: Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу. (4 критерий) | 12 | - | - |
| 3 | 3-стандарт: Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо. (7 критерий) | 21 | - | - |
| 4 | 4-стандарт: Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал. (6 критерий) | 18 | - | - |
| 5 | 5-стандарт: Материалдык жана маалыматтык ресурстар. (5 критерий) | 15 | - | - |
| 6 | 6-стандарт: Маалымат жана коомчулукка жеткирүү. (5 критерий) | 15 | - | - |
| | **жыйынтыгы: критерий 34** | | | |
| | **жыйынтык баллдары** | **102** | | |

**Жыйынтыгы –102 балл**

## 5. КОРУТУНДУ

Билим берүү программасы 220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча) орто кесиптик ББПсын аккредитациялоонун алкагында тышкы баалоонун жыйынтыктары боюнча эксперттик комиссия:

220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча) багытындагы ОП билим берүү ишмердигин ишке ашыруу - "Сапаттуу Билим" стандарттарына ылайык келет деп эсептейт;

Аккредитациялык Кеңешке М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин Гуманитардык технологиялык колледжинин 220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча) адистигинин ОП багытын толук аккредитациялоо жөнүндө чечим кабыл алууну сунуштайт.